менен алмаштырылыш мүмкүн. Укук мамилесинде жол берилгенде, жараксыз деп табылган жобо, башка жобо менен алмаштырылуусу керек.

## XIII. Жоюу жана кайра уюштуруу

13.1. Жалпы билим берүү мекемесин жоюу же кайра уюштуруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш жүзүнө ашырылат:

- Уюштуруучулардын жалпы чогулушунун чечими менен;
- Соттун чечими менен.

13.2. Жалпы билим берүү мекемесин жоюу учурунда Уюштуруучулардын жалпы чогулушу, жоюу балансын бекитe турган жоюу комиссиясын дайындалат. Жалпы билим берүү мекемесинин акча каражаттары жана башка мүлктөрү, кредиторлор менен эсептешип бүткөндөн кийинки, эгерде Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында башкача каралбаса.жалпы билим берүү мекеменин ээсине берилет.

13.3. Жоюлган учурда, окуучуларды, алардын ата-энесинин, мыйзамдуу өкүлдөрүнүн макулдашуусу менен башка Жалпы билим берүү мекемесине өткөрүп берүү үчүн Уюштуруучулардын жалпы чогулушу өзүнө жоопкерчилик алат.

13.4. Жалпы билим берүү мекеменин иш аракетин токтотуу Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иш жүзүнө ашырылышы мүмкүн.

13.5. Кредиторлордун доолорун канааттандыруудан кийин калган,бул юридикалык жактын мүлкүнө буюм укугу же мүлктүк укукка ээ болгондо, эгерде мыйзамда же юридикалык жактын уюштуруу документтеринде башкача каралбаса юридикалык жактын мүлкү Уюштуруучулардын жалпы чогулушуна, өткөрүлүп берилет

13.6.Жалпы билим берүү мекеменин иш жүргүзгөн учурунда пайда болгон документтер Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук Архивдик фондунда" мыйзамга ылайык сакталат жана колдонулат.

**Директор** **Кенжегулова О.А.**